Х.Жээнбаев атындагы мектеп - лицейи

# МАТЕМАТИКА БОЮНЧА АЧЫК САБАК

## Сабактын темасы:

## “Конустун көлөмү”

Мугалим: Турусбекова А. К.




Сканировано с CamScann

Сканировано с CamScanner

## МАТЕМАТИКА БОЮНЧА АЧЫК САБАК

**Сабак: Математика.**

**Класс:**

**Сабактын темасы: Конустун көлөмү.**

**Сабактын максаты:**

*а) окуучулар айрым телолордун көлөмдөрүн табууну жана формуланын жардамында мисалдарды чыгарууну билишет.*

*б) практикада берилген эсептерди туура пайдаланып чыгара билишет.*

*в) окуучулар мугалимдерди сыйлоого, адептүүлүккө, патриоттуулукка, тактыкка тарбияланышат.*

**Сабактын тиби**: *жаңы билим берүү.*

**Сабактын формасы:** *Топтор менен иштөө.*

**Сабакка колдонулган методдор**: *суроо-жооп, көргөзмөлүүлүк проблемалык.*

**Сабактын жабдылышы**: *Компьютер (ноутбук) ,проектор, буклеттер, слайд-шоу, окуу китеби, дидактикалык материалдар, көлөмдүү фигуралар, плакаттар ж.б*

**Сабактын жүрүшү:**

*а)Уюштуруу(алтын эреже түзүү)*

*б) Үй тапшырманы суроо.*

*в) Жаңы темага өбөлгө түзүү.*

*г) Жаңы тема.*

*д) Формулаларды колдонуп мисал иштөө.*

*е) Теманы бышыктоо.*

*ж) Үйгө тапшырма берүү.*

*з) Баалоо.*

*и) Жыйынтыктоо.*

***а) Уюштуруу**: Класстын тазалыгына,окуучулардын катышуусуна көңүл буруу менен алтын эреже түзүү.*

***б) Үй тапшырманы суроо:***

*1)Призманын көлөмү деп эмнени айтабыз?*

*2)Пирамиданын көлөмү деп эмнени айтабыз?*

*3) Паралеллопипеддин көлөмү деп эмнени айтабыз?*

*4) Цилиндрдин көлөмү деп эмнени айтабыз?*

***В) Жаңы темага өбөлгө түзүү.***

- *Конус деген эмне?*
- *Цилиндр деген эмне?*
- *Конус кандай бөлүктөрдөн турат?*
- *Конустун түзүүчүсү кандай фигураны берет?*

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

***Конус** деп тик бурчтуу үч бурчтуктун бир катетинин айланасында айландыруудан пайда болгон тело.*

***Цилиндр** деп тик бурчтуу тик бурчтуктун бир жагынын айланасында айландыруудан пайда болгон тело.*

*Конус жана цилиндрдин радиусу, бийиктиги, түзүүчүсү, негизи болот.*

*Конус жана цилиндрдин негизи, тегерек формасы болот.*

- ***Цилиндр жана Конус***




Рис. 1.18 Рис. 1.19

- *Конустун жана цилиндрдин байланышын аныктоо үчүн **Венндин** диаграммасын колдонобуз.*

1. *Конус жана цилиндрдин негиздери тегерек формасында.*
2. *Конус менен цилиндрдин байланышы негизи жана бийиктиктери окшош.*

- *Негизинин аянтын табуу.*

1. *Тегеректин аянтын табуу үчүн π саны колдонулат.*
2. *π саны тегеректин узундугун диаметрине болгон катышына барабар.*
3. *Формуласы $\pi=c/d$, мында c –узундук,d- диаметр.*
4. *Тегеректин аянты. $S=\pi R^2$.*

*Конустун көлөмүн табуу.*

*Теорема:Конустун көлөмү негизинин аянтын бийиктигине көбөйткөн көбөйтүндүүсүнүн үчтөн бирине барабар. Бул теореманы далилдөөдө төмөндөгүдөй тажрыйба жүргүзөбүз.*

*Тажрыйба жүргүзүү.*

1. *учур. Негиздери жана бийиктиктери бирдей болгон конус менен цилиндрди алабыз. Жүгөрүнү конуска 3 жолу салганда цилиндр толду.*
2. *учур. Негиздери бирдей бийиктиктери ар кандай болгон учурда 3 жолу цилиндрге салганда ашып кетти.*
3. *учур. Негиздери жана бийиктиктери ар кандай болгон учурда 3 жолу цилиндрге салганда толгон жок.*

*Демек, биз мындан негиздери жана бийиктиктери бирдей болгон учурда цилиндрдин көлөүнөн конустун көлөмү 3 эсе кичине экендигин байкадык. Бул тажрыйбалардын негизинде жогорудагы теорема далилденди.*

*Конустун көлөмүн табуунун формуласы:$V=1/3\pi\ R^2\ h$.*

**Формулалар***: Бул формуланы пайдаланып радиусту жана бийиктикти келтирип чыгарууга болот. $R^2=3V/\pi h$; $R=\sqrt{3V/\ \ h}$; $h=3V/\pi R^2$.*

*Мисал иштөө.*

***Берилди конус Формула Чыгаруу***

*$V=3,14см^2$ $R^2=3V/\pi h$ $R^2=3*3,14см^2/3,14*3см=1см$ $h=3см$ $R=\sqrt{3V/\ \ h}$ $R=\sqrt{1}$ $см^2$ $R=1см$ $R^2=?$ $R=?$;*
*Жообу: R=1 см* *Берилди конус. Формула Чыгаруу.

h=21см $V=1/3\ \pi R^2h$ $V=1/3*3,14*25см^2*21см=5499,5см^3$

Сканировано с CamScann

Сканировано с CamScanner

R=5см V=? V=549,5см$^3$ Жообу: V=549,5см$^3$

- Берилди конус. Формула Чыгаруу.

h=21см V=1/3πR$^2$h V=1/3*3,14*16см$^2$*21см=351,68см$^3$

R=4см V=? V=351,68см Жообу: V=351,68см

*Берилди конус. Формула Чыгаруу.

h=21см V=1/3πR $^2$h V=1/3*3,14*9см$^2$*21см=197,82см$^3$

R=3см V=? V=197,82см$^3$ Жообу: V=197,82см$^3$

- Берилди конус. Формула Чыгаруу.

h=21см V=1/3πR $^2$h V=1/3*3,14*4см$^2$*21см=87,92см$^3$

R=2см V=87,92см$^3$ Жообу: V=87,92см$^3$

**Бышыктоо:** *Мыкты катышуучуларды доскага чыгарып темага байланыштуу кроссворд толтуруу жана жоопторун талкуулап кошумча түшүнүктөрүн берүү менен бышыктоо.*

***Кроссворд. Көлөмдүү фигуралар көргөзүлөт.***

**с**

**т**

**е**

**р**

**е**

**о**

**м**

**е**

**т**

**р**

**и**

**я**

***Үй тапшырма:***

*Таркатылган карточкалардагы мисалдарды аткарып келүү.*

***Жыйынтыктоо:****Түшүнбөгөн суроолоруна жооп берүү.*

*Биздин экономикабыздын жогорулашына математика илиминин салымы чоң.*

*Ошондуктан, математикага көбүрөөк көңүл буруп,келечекте жакшы ийгиликтерге жетишкиле.*

Сканировано с CamScann

Сканировано с CamScanner